## 2024-жылдагы Кыргыз Республикасынын калкынын кедейчилик деңгээли

Кыргыз Республикасындагы калктын бакубат жашоо деңгээлин баалоонун натыйжалары Улутстатком тарабынан ар бир квартал сайын 5 016 үй чарбасына жүргүзүлгөн үй чарбалардын бюджетинин жана жумушчу күчүнүн интеграцияланган тандалма изилдөөсүнүн маалыматтарынын негизинде жүргүзүлөт. Сурамжылоонун натыйжалары көрсөткөндөй, керектөө чыгымдары боюнча эсептелген кедейчиликтин деңгээли 2024-жылы жалпы республика боюнча 25,7 пайызды түзүп, мурунку жылга карата 4,1 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

Кедейчиликтин деңгээлин баалоо үчүн чектик маани катары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25-мартындагы № 115 токтому менен бекитилген Кедейчиликтин чегин аныктоо методикасынын 3.7-пунктуна ылайык керектөө бааларынын орточо жылдык индексине индексацияланган 2023-жылга карата кедейчиликтин чеги колдонулган.


2024-жылы керектөө бааларынын индекси (КБИ) өткөн жылга салыштырмалуу 105 пайызды түзгөн, мында азык-түлүк товарларынын жана алкоголсуз суусундуктардын КБИ 101,7 пайыз, ал эми азык-түлүк эмес товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн КБИ 107,7 пайыз деңгээлинде түзүлгөн. 2024-жылы кедейчиликтин жалпы чегинин нарктык чоңдугу калктын жан башына эсептегенде 65 417 сомду, ал эми кедейчиликтин акыркы чегинин нарктык чоңдугу 41 349 сомду түзгөн.

Айыл жерлериндеги кедейчиликтин деңгээли 1,8 пайыздык пунктка, ал эми шаар жерлеринде 7,3 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

2024-жылы 1 млн. 871 миң адам кедейчиликтин чегинен төмөн жашаган, алардын 61,9 пайызы айыл жерликтеринин жашоочулары болуп саналат. Ошондой эле, 0-17 жаштагы балдардын 33,1 пайызы же 954,5 миң бала кедейчилик шарттарында жашаган.

**1-график: Жашаган жери боюнча кедейчиликтин деңгээли**

*(калктын жалпы санына карата пайыз менен)*



2024-жылы республиканын бардык аймактарында кедейчиликтин деңгээли өткөн жылга салыштырмалуу төмөндөгөн. Алсак, кедейчиликтин деңгээли Чүй облусунда 4,9 пайыздык пунктка, Баткен облусунда 4,1 пайыздык пунктка, Талас облусунда 3,3 пайыздык пунктка, Жалал-Абад облусунда 3,2 пайыздык пунктка, Ысык-Көл жана Нарын облустарында тиешелүүлүгүнө жараша 2,6 жана 2,1 пайыздык пунктка кыскарган. Ошондой эле, жакырчылыктын деңгээлинин олуттуу төмөндөшү Бишкек шаарында - 9,0 пайыздык пунктка жана Ош шаарында - 6,3 пайыздык пунктка белгиленген.

**1-таблица. Аймактар боюнча кедейчиликтин деңгээли**

*(калктын санына карата пайыз менен)*

| | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **25,3** | **33,3** | **33,2** | **29,8** | **25,7** |
| Баткен облусу | 34,7 | 40,7 | 48,5 | 48,1 | 44,0 |
| Жалал-Абад облусу | 37,2 | 43,2 | 47,1 | 36,1 | 32,9 |
| Ысык-Көл облусу | 27,9 | 38,1 | 31,2 | 30,9 | 28,3 |
| Нарын облусу | 36,8 | 39,2 | 42,0 | 38,1 | 36,0 |
| Ош облусу | 18,8 | 23,8 | 19,9 | 20,4 | 19,8 |
| Талас облусу | 12,5 | 23,5 | 23,9 | 23,2 | 19,9 |
| Чүй облусу | 25,4 | 27,0 | 26,1 | 26,6 | 21,7 |
| Бишкек ш. | 16,8 | 35,8 | 35,7 | 32,4 | 23,4 |
| Ош ш. | 14,7 | 28,6 | 26,6 | 13,9 | 7,6 |

2024-жылы кедейчиликтин акыркы деңгээли жалпы республика боюнча 2,7 пайызды түздү жана мурунку жылга салыштырганда 2,3 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Кедейчиликтин акыркы чегинен төмөн жашаган калктын саны 198,3 миң адамды түзүп, анын 58,5 пайызы айыл жерлериндеги калктуу пункттардын жашоочулары болуп эсептелди.

Кедейчиликтин акыркы деңгээли, өлкөдөгү кедейчиликтин жалпы деңгээли сыяктуу эле, баардык аймактарда төмөндөгөн. Кедейчиликтин акыркы деңгээли Баткен облусунда – 4,3 пайыздык пунктка, Ысык-Көл облусунда – 3,7 пайыздык пунктка, Жалал-Абад облусунда – 3,4 пайыздык пунктка, Талас жана Чүй облустарында – 2,1 пайыздык пункттарга төмөндөгөн. Муну менен катар, кедейчиликтин акыркы деңгээли Бишкек шаарында – 3,0 пайыздык пунктка , ал эми Ош шаарында – 1,4 пайыздык пунктка азайган.

**2-таблица. Аймактар боюнча кедейчиликтин акыркы деңгээли**

*(калктын жалпы санына карата пайыз менен)*


| | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **0,9** | **6,0** | **6,0** | **5,0** | **2,7** |
| Баткен облусу | 1,6 | 10,1 | 16,5 | 16,1 | 11,8 |
| Жалал-Абад облусу | 1,5 | 7,5 | 9,1 | 5,0 | 1,6 |
| Ысык-Көл облусу | 0,4 | 8,0 | 8,8 | 7,2 | 3,5 |
| Нарын облусу | 4,5 | 8,2 | 6,7 | 5,6 | 5,4 |
| Ош облусу | 0,0 | 2,1 | 0,5 | 0,3 | 0,3 |
| Талас облусу | 0,0 | 2,6 | 2,2 | 4,2 | 2,1 |
| Чүй облусу | 1,3 | 4,0 | 5,1 | 4,5 | 2,4 |

| | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 0,3 | 9,5 | 3,9 | 5,7 | 2,7 |
| Ош ш. | 0,0 | 3,1 | 7,0 | 1,4 | 0,0 |

2024-жылы айыл жерлеринде кедейчиликтин акыркы деңгээли мурунку жылга салыштырмалуу 2,0 пайыздык пунктка жана шаар жеринде 2,6 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

**2-график: Жашаган жери боюнча кедейчиликтин акыркы деңгээли**

*(калктын жалпы санына карата пайыз менен)*




2024-жылы кедейчиликтин чегине салыштырмалуу кедей калктын бюджетинин тартыштыгын мүнөздөгөн кедейчиликтин тереңдиги 4,7 пайызды түзгөн жана мурунку жылга салыштырмалуу 1,6 пайыздык пунктка төмөндөгөн, ал эми кедейчиликтин курчтугу 1,3 пайызды түзүп, 0,6 пайыздык пунктка азайган.

Эсептөөлөргө ылайык, 2024-жылы кедейчиликтин чегинен төмөн жашаган калкты кедейчиликтин чегинде керектөөсүн камсыз кылуу үчүн 22,3 миллиард сом керектелет.

Кедейчиликтин деңгээлин эсептөө үчүн керектөөнүн наркы колдонулат, баалоо боюнча ал калктын кирешесинен түздөн-түз көз каранды. Милдеттүү төлөмдөрдү жана төгүмдөрдү чыгарып салуу менен кирешелерди мүнөздөгөн калктын жан башына алгандагы колдо бар акчалай кирешелери 2024-жылы айына 11 318,6 сом деңгээлинде түзүлдү жана мурунку жылга салыштырмалуу 16,5 пайызга өстү, бул абсолюттук мааниде 1 602,6 сомду түздү, ал эми бул мезгилде реалдуу акчалай кирешелер 10,8 пайызга көбөйгөн. 2024-жылдагы калктын жан башына алгандагы колдо бар орточо акчалай кирешелери эмгек акыдан түшкөн кирешенин 15,6 пайызга, жеке эмгек ишмердигинен түшкөн кирешенин 17,2 пайызга жана социалдык трансферттердин 19,7 пайызга өсүшү менен мүнөздөлөт.

Калктын акчалай кирешелеринин негизги булагы эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелер болуп саналды, колдо бар кирешелердин түзүмүндөгү алардын салыштырма салмагы 72,1 пайызды түздү, ал эми социалдык трансферттер 15,1 пайызды, жеке көмөкчү чарбаларда өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларын сатуудан түшкөн кирешелер 9,0 пайызды түзгөн.

Калктын жан башына алгандагы колдо бар орточо акчалай кирешелеринин түзүмүндө эмгек акынын үлүшү 42,4 пайызды, жеке эмгек ишмердигинин үлүшү 13,1 пайызды түздү.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жактарда ишке ашырылган эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелердин үлүшү, жалпы эмгек ишмердигинен тушкөн акчалай кирешелердин курамында, өлкө боюнча – 23 пайызды түздү. Ал эми Баткен облусунда – 42,6 пайызды, Ош облусунда – 37,7 пайызды, Жалал-Абад облусунда – 36,8 пайызды, Ысык-Көл облусунда – 17,5 пайызды жана Ош шаарында – 21,7 пайызды түздү.

**3-таблица. Аймактар боюнча калктын колунда болгон акчалай кирешелеринин түзүмү**

(*пайыз менен*)

| | Эмгек ишмердигинен түшкөн | | Социалдык трансферттер | Жеке көмөкчү чарбалар-дан түшкөн киреше | Башка киреше |
|---|---|---|---|---|---|
| | Бардыгы | анын ичинде Кыргыз Республика-сынан тышкары | | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **72,1** | **23,0** | **15,1** | **9,0** | **3,9** |
| Баткен облусу | 70,4 | 42,6 | 16,7 | 9,2 | 3,6 |
| Жалал-Абад облусу | 76,0 | 36,8 | 10,1 | 9,5 | 4,5 |
| Ысык-Көл облусу | 54,4 | 17,5 | 18,6 | 20,5 | 6,5 |
| Нарын облусу | 46,5 | 1,8 | 27,2 | 21,1 | 5,2 |
| Ош облусу | 73,0 | 37,7 | 15,2 | 9,5 | 2,3 |
| Талас облусу | 49,2 | 14,1 | 16,6 | 32,2 | 2,0 |
| Чүй облусу | 70,1 | 11,6 | 16,0 | 8,9 | 4,9 |
| Бишкек ш. | 83,1 | 1,8 | 14,7 | 0,0 | 2,3 |
| Ош ш. | 76,0 | 21,7 | 15,1 | 0,0 | 8,9 |

Калктын жашоосунун материалдык абалына тышкы факторлор таасирин тийгизет. Эсептөөлөр көрсөткөндөй, эмгек мигранттарынын кирешелерин керектөөнүн наркынан алып салганда кедейчиликтин деңгээли жалпы республика боюнча орточо эсеп менен 25,7 пайыздан 37,3 пайызга чейин өсөт. Ошол эле учурда, Ош облусундагы кедейчилик – 19,8 пайыздан 43,9 пайызга чейин, Баткен облусунда - 44,0 пайыздан 65,5 пайызга чейин, Жалал-Абад облусунда – 32,9 пайыздан 46,5 пайызга чейин, Ысык-Көл облусунда – 28,3 пайыздан 37,6 пайызга чейин, Чүй облусунда – 21,7 пайыздан 28,3 пайызга чейин, Ош шаарында 7,6 пайыздан 16,5 пайызга чейин жогорулайт, ошол эле убакта калган региондордо анын көрсөткүчү көп өзгөрүлбөйт.

**4-таблица. Кыргыз Республикасынан тышкары эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелерди эсепке албагандагы кедейчиликтин деңгээли**

*(калктын санына карата пайыз менен)*

| | 2020 | 2021 | 2022 | 2023 | 2024 |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **34,6** | **42,8** | **43,3** | **41,6** | **37,3** |
| Баткен облусу | 53,6 | 60,9 | 68,5 | 65,8 | 65,5 |
| Жалал-Абад облусу | 50,2 | 56,0 | 57,5 | 50,7 | 46,5 |
| Ысык-Көл облусу | 29,1 | 43,1 | 37,4 | 38,2 | 37,6 |
| Нарын облусу | 36,8 | 39,2 | 42,3 | 38,2 | 36,0 |
| Ош облусу | 37,6 | 40,5 | 41,1 | 44,1 | 43,9 |
| Талас облусу | 17,8 | 30,3 | 29,2 | 28,7 | 23,9 |
| Чүй облусу | 29,4 | 34,0 | 33,7 | 34,1 | 28,3 |
| Бишкек ш. | 16,9 | 36,2 | 37,0 | 34,5 | 25,0 |
| Ош ш. | 24,2 | 32,5 | 29,9 | 21,6 | 16,5 |

Эмгек мигранттарынын кирешелери кедейчиликтин акыркы деңгээлине олуттуу таасирин тийгизет, аларды чыгарып салганда кедейчиликтин акыркы деңгээли 2,7 пайыздан 16,4 пайызга чейин өсөт.

Керектөө наркы кедейчиликтин чегинин чоңдугунан бир аз айырмаланган калктын жыштыгы мурдагыдай эле жогору болууда. Кедейчиликтин чегинин сезгичтигин талдоо көрсөткөндөй, 2024-жылы бакубатчылык индикаторунун өзгөрүлбөй түзүлгөн чоңдугу кедейчиликтин чегинин 5,0 пайызга же калктын жан башына алганда айына 272 сомго өсүү шартында кедейлердин үлүшү 3,6 пайыздык пунктка өсөт, ал эми кедейчиликтин чеги 5,0 пайызга төмөндөгөндө кедейлердин үлүшү 4,1 пайыздык пунктка азайат. Ошентип, кедейчиликтин чегинин айланасындагы калктын тыгыз концентрациясы калктын олуттуу бөлүгүнүн кедей эместер категориясынан кедейлер категориясына өтүү же тескерисинче болуу ыктымалдуулугун күчөтөт, бул региондордун кедейчилик деңгээлинин көрсөткүчтөрүнө чагылдырылат жана кедейчиликтин көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү тенденциясын жарым-жартылай түшүндүрөт.

2024-жылы калктын 25,7 пайызы кедейчилик шартында жашаса, калктын 7,7 пайызы кедейчиликтин кооптуулугу бар зонада болгон.